**УДК: 37.064.2**

# КЕНЖЕ МЕКТЕП КУРАГЫНДАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ИШ- АРАКЕТТЕРИН ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАКТАН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Кадыралиева Айнагүл ОГПИ.**

***Аннотация:*** *Бул макалада кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу-иш аракеттеринин калыптануусундагы педагогикалык жактан калыптандыруу жөнүндө айтылды.*

*Негизинен педагогикалык ишмердүүлүк, мугалимдин ар бир кыймыл аракети, жасаган мамилеси окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуунун бирден бир жолу катары экендиги маалымдалды.*

***Аннотация:*** *В данной статье речь идет о воздействие педагогического отношения на учебную деятельности учеников младших классов. Было показано учетелям начальных классов, что проявление интереса к учебе учеников процессов обучения и воспитания зависить от отношения между учителем и учениками.*

***Annotation****: This article deals with the impact of pedagogical attitude on the educational activity of primary school students. It was shown to the teachers in primary class that the expression of interest in learning students in the processes of training and education depend on the relationship between teacher and pupils and was offered the opinions and quotes of scientists and researchers.*

***Ачкыч сөздөр:*** *окуу иш-аракети, калыптануу, окутуунун натыйжалуулугу, педагогикалык мамиле, педагогикалык такт, мугалимдик авторитет.*

***Ключевые слова:*** *учебная деятельность, формирования, эффективность обучения, педагогическое отношение, педагогический такт, авторитет учителя.*

***Key words****: educational activity, formation, efficiency of training, pedagogical relations, pedagogical tact, authority of the teacher.*

Азыркы учурда билим берүү системасы окутуу жана тарбиялоо процесстерин гуманизациялоо жана демократизациялоо принцибин чыгармачылык жактан өнүктүрүүгө багыт алууда. Окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн интенсивдүү өнүгүшүнө багытталган орто билим берүүчү мектептердеги бардык баскычта окутуу процесси жаңыланып, жаңы программалар жана концепциялар иштелип чыкты. Окутуу процессинин негизги баскычы болгон башталгыч класста билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн сапатына байланыштуу окуучунун инсанынын ар тараптан өнүгүүсүнүн эффективдүү каражаты катары алардын окуу иш-аракеттерин педагогикалык жактан калыптандыруу болуп эсептелинет.

Көпчүлүк авторлор окуучулардын окуу иш-аракеттеринин калыптануусун түрдүү аспекте изилдешкен: социалдык, социалдык-педагогикалык, психология-педагогикалык ж.б. Бул процессти карооо жалпы жана түрдүү мүнөзгө ээ.

Мисалы, Сафронова В.М. кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу иш-аракеттериндеги калыптануусунун социалдык аспектисин изилдеген, социалдык калыптанууну түрдүү позицияда ачып көрсөткөн. Э.М. Александровская, Е.Е. Даниловская, В.В. Давыдов ж.б. калыптануу процессин изилдөө менен калыптануу процессин бир нече этаптарга бөлүшкөн. Көпчүлүк авторлор окуучулардын окуу иш-аракеттерин калыптандыруу, психологиялык-педагогикалык калыптануунун бир сферасы катары карашат.

Кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу иш-аракеттерин педагогикалык жактан калыптандыруу педагогика илиминин жана практиканын алдында турган эң негизги актуалдуу проблемалардын бири.

Башталгыч класстарда биринчи класстын окуучуларын окутуу жана тарбиялоо билим берүү системасынын составдык бөлүгү болуп саналат. Анын мазмуну жана негизги багыттары Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Билим берүү жана мектепке

чейинки билим берүү жөнүндөгү мыйзамы, мектепке чейинки тарбия берүүнүн, жалпы билим берүүчү мектептерде окутуунун мамлекеттик стандарты сыяктуу расмий мамлекеттик документтерде айкын белгиленген. Аларда коюлган талаптарды эске алуу менен кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу иш аракеттерин калыптандыруу терең каралууда, анын маңызы ар тараптан өнүккөн, дүйнөгө көз карашы, жөндөмдүүлүктөрү туура калыптанган, Кыргызстанды алдыңкы мамлекеттердин катарына кошууга жөндөмдүү, билимдүү келечек муундарды тарбиялоо. Кыргызстандын келечеги мектептеги билим берүүнүн сапаты менен түптөлө турган пайдубалга негизделет. Ошондуктан өлкөдөгү билим берүүнү өркүндөтүүгө зор маани берилүүдө. Кыргыз Республикасынын Билим берүү реформасын өткөрүү концепциясында билим берүү биздин мамлекет үчүн артыкчылыктуу багыт кала берери белгиленген.

Билим–тарбия берүүнүн сапатын өркүндөтүү, өлкөбүздүн өнүгүшүнө салым кошуучу атуулдарды тарбиялап өстүрүү бүгүнкү күндө республикабыздагы олуттуу маселелердин бири болуп эсептелет. Эл керегине жараган атуулдарды тарбиялоодо башталгыч мектеп зор милдеттерди аткарат.

Башталгыч класста алган билим сапаты окуучунун андан аркы билим алуусуна өбөлгө түзүп, окуучунун окуудагы ийгилигине түздөн-түз таасир этет. Башталгыч мектептеги окутуу балада окуу билгичтигин үйрөтүү менен өзгөчөлөнөт. Өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу үчүн адамга окуу билгичтиги эң зарыл керектүү сапаттардын бири болуп эсептелет. Башталгыч мектеп жалпы билим берүүчү мектептин пайдубалын түзөт.

Башталгыч мектепте адамдын мүнөзүн, акылы жана адептик сапаттарын, коомдогу жүрүм-турумун аныктоочу жөндөмү жана касиеттери түптөлүп калыптанат.

Кенже мектеп курагындагы окуучулардын таанып билүү өзгөчөлүгүнө ылайык, башталгыч мектепте интеграцияланган предметтер окутулуп, окуганга, жазганга үйрөтүү, эсептөө көндүмдөрүн өнүктүрүү, айлана-чөйрөнү илимий негизде таанытуу, көркөм өнөр, дене тарбия, музыка сабактары окутулат. Ошону менен бирге, кенже мектеп окуучусунун инсандык сапаттарын, окуу ишмердүүлүгүн калыптандырууга негизделип өнүктүрүү жана тарбиялоо - көңүлдүн борборундагы маселе.

Окутуунун натыйжалуулугу берилүүчү маалыматтын көлөмүнө эмес, окуу ишмердүүлүгүнүн таасири астында окуучунун рухий дүйнөсүндөгү сапаттык өзгөрүүлөргө байланыштуу.

2013-2014–окуу жылына карата бекитилген окуу планына ылайык башталгыч мектепте төмөндөгүдөй милдеттерди аткарууга көңүл бурулат:

а) маалымат берүүнү азайтып, окуучунун иш-аракетине жана натыйжага жетүүнү көздөө; б) курчап турган дүйнөнү илимий негизде таанытуу, элибизге, жерибизге таандык баалуулуктардын негизинде окуу-тарбияны уюштуруу; в)окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү; г)базалык компетенттүүлүктөрдү (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү уюштуруу) калыптандыруу; д) окуучунун жеке өзгөчөлүгүнө ылайыктап, дифференцирленген билим жана тарбия берүү

е) баа коюу проблемасы; ж) окуучунун ден-соолугун сактоо жана окуу жүктөмү ж.б.у.с.; з) инсандын өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү жана адамдын рухий дүйнөсүн калыптандырууну камсыз кылган маданиятка багытталган билим берүү.

Окуу жүктөмүн, окуу материалын кыскартуунун максаты эмнеде? Мында кайталанган темалар кыскартылат. Материал азайып, ар бир окуучуга өз оюн айтууга, талкууга катышууга шарт түзүлүшү керек. Окуучу сабакты өздөштүрүүдө анализдөө, суроо берүү, талкууга катышуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болууга тийиш. Ошондой шартта гана окуучу өз жөндөмдүүлүгүнө жараша сабакка катышууга шарт түзүлөт. Мындай иш-аракеттер маалыматтык, социалдык-коммуникативдик жана өзүн өзү уюштуруу компетенттүүлүктөрүн калыптандырууну шарттайт. [1.26.]

Кенже мектеп курагындагы окуучулардын өнүгүшү татаал процесс. Балдар бул курагында абдан дилгир болушат. Ушу курагында аларды окууга кызыктырууга мүмкүнчүлүктөр арбын. Алардын интеллектуалдык, социалдык, адептик сапаттары күн санап ыкчам калыптанат. Башталгыч класста окутуу жана тарбиялоо баланын өнүгүшүнө

терс таасирин тийгизбеши зарыл. Окуу жүктөмү санитардык-гигиеналык талапка жооп берүүгө тийиш.

Кенже мектеп курагы балалыктын эң жогорку чеги. Азыркы психологиялык өнүгүнүн этабында ал 6 -7 ден 9-11 жашка чейинки убакытты камтыйт. Бул жашта жашоонун стили жана образы алмашат: жаңы талаптар, окуучунун жаңы социалдык ролу, принципиалдуу жаңы ишмердүүлүк- окуу ишмердүүлүгү. Мектепте ал жаңы гана билим албастан социалдык статуска да ээ болот. Мамиле системасында өзүнүн ордун кабыл алуусу өзгөрөт. [2.180.]

Анын кызыгуусу, баланын баалуулугу, жашоодогу орду өзгөрөт. Бала жаңы курактык мезгилдин чегине өтөт. Физиологиялык көз караш менен караганда - бул физиологиялык өсүү убактысы, балдар тез өсүүгө аракет кылышат, физиологиялык өсүүсүндө дисгармония байкалат, ал баланын нервдик- психологиялык өнүгүүсүн алдын алат, бул болсо убактылуу нерв системасынын төмөндөшүнө алып келет. Жогорку чарчаңкы, тынсыздануу, кыймыл аракетке болгон жогорку талап пайда болот.

Кенже мектеп курагындагы социлдык абал:

1. Окуу аракеттери алдыңкы ишмердүүлүккө айланат.
2. Көргөзмө - образдуу ой-жүгүртүүдөн логикалык ой-жүгүртүүгө өтүү этабы аяктайт.
3. Окуунун социалдык мааниси так көрүнө баштайт (кенже мектеп окуучуларынын баага болгон мамилеси).
4. Жетишүү мотивациясы доминаттык абалга өтөт.
5. Күн тартибинде өзгөрүүлөр башталат.
6. Жаңы ички позиция чыңдалат.
7. Баланын сырткы чөйрө менен болгон мамиле системасы өзгөрөт.

Кенже мектеп окуучуларынын алдыңкы ишмердүүлүгү - окуу иши. Анын негизги мүнөзү: жыйынтык, милдеттүүлүк, өндүрүмдүүлүк. Окуу иш -аракеттеринин негизи болуп, окуунун биринчи жылдары эсептелинет. Окуу иш-аракеттери биринчиден, жаш өзгөчөлүгүнө жараша, экинчиден билиминин кийинки өнүгүүсүн камсыз кылуу.

Окуу иш-аракеттеринин жыйынтыгында психологиялык жаңы өзгөрүүлөр пайда болот: психологиялык процесстердин эркиндиги, рефлекция (инсандык, интеллектуалдык), аракеттердин ички планы (акыл эси менен пландоо, анализ кылууга).

Сөздүк запасы 7 миңге чейин жогорулайт. Сөзгө болгон өздүк активдүү позициясы пайда болот. Сөздүн айтылыштарын оңой өздөштүрүү пайда болот. Бала сөздүн айтылыштарына көңүл бурат. Кенже мектеп окуучуларынын өз ара мамилеге болгон керектөө тилдин өнүгүүсүн аныктайт. Контекстүү сүйлөө - баланын өнүгүүсүнүн көрсөткүчү. Жазууда орфографиянын тууралыгын (сөздү туура жазуу), грамматикада (сөздүн түзүлүшүн, морфологиялык формалардын пайда болушун) жана пунктуацияны (белгилерди тура коюуну) өздөштүрө баштайт.

Ой жүгүртүү кенже мектеп курагын доминанттык функцияга өтө баштайт, көргөзмө - образдуу ой-жүгүртүүдөн логикалык ой-жүгүртүүгө өтүү этабы аяктай баштайт. Кенже мектеп курагынын акырында ой жүгүртүүнүн жеке өзгөчөлүктөрү пайда боло баштайт (теоретиктер, ой - жүгүтүүчү, сүрөтчүлөр). Окуу процессинде илимий түшүнүктөр пайда боло баштайт (теориялык ой - жүгүртүүнүн фундаментти пайда боло баштайт). [4.]

Эске туту эки багытта калыптана баштайт - эркин жана маанилүүлүк аркылуу.

Окуу иш - аракеттеринде эске тутуунун бардык түрлөрү өнүгө баштайт: көп убакытка, аз абакытка жана оперативдүү.

Эске тутуунун өнүгүүсү окуу материалын жаттоо менен коштолот. Эркин эске тутуу активдүү калыптана баштайт.

Балдардын көңүл бурууга болгон аракети пайда боло баштайт, бирок дагы да эркин эмес көңүл буруу басымдуулук кылат. Таанып билүү процессинин эркиндүүлүгү эркин аракеттеринин чекитине жетет. Көңүл буруу активдештирилет, бирок стабилдүү

түрдө эмес. Көңүл бурууну бир жерге кармап туруу эрктин күчтүүлүгүнө жана жогорку мотивацияга жараша болот.

Демек, кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу иш- аракеттерин педагогикалык жактан калыптандырууну туура жолго коюу талапка ылайык.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Алыбаева Г. Элдик мугалимдердин акыл-кеңеши менен мектеп реформалар алга жылат. // Кутбилим .-2007.- 27-апрель.
2. Апиш Ф.Н.Психолого – дидактические основы развития учебной мотивации- М,:МГОУ,2003 -180с.
3. Додонов Б. И. Структура и динамика мотивов деятелности//Вопросы психологии -1994 .- №4 –С.45
4. Маркова А.К. и др. Формирование мотивации учения: Книга для учителя. – М.: Просвещение,1990.